DOI:10.26104/NNTIK.2022.1.6.074

*Ормонова С.*

# СОВЕТ МЕЗГИЛИНДЕГИ АЙТЫШТАРДАГЫ САТИРА МЕНЕН ЮМОР

*Ормонова С.*

# САТИРА И ЮМОР В ПЕСЕННЫХ СОСТЯЗАНИЯХ (АЙТЫШ) СОВЕТСКИХ ВРЕМЕН

*S. Ormonova*

# SATIRE AND HUMOR OF SONG CONTEST (AYTYSH) OF THE SOVIET ERA

*УДК: 821. 512. 154*

*Бул макалада Совет мезгилиндеги айтыштардагы сатира менен юмордун ролу жөнүндө сөз болот. Классикалык доордо сатира менен юмор адатта тамашалуу, кордоо, учурашуу, уста-шакирт форматындагы айтыштарда кеңири колдонулуп элдин көңүлүн көтөрүүгө түрткү болсо, айтыштын бул түрлөрү совет мезгилинде жаны нукка тушуп, учурдун талабына ылайык тематикалык өзгөрүүлөргө дуушар болгондугу айтылат. Бул мезгилде айтыштын кылымдардан бери калыптанып калган салттык түрлөрүнөн тышкары саясий-агитациялык, арноо, куттуктоо сыяктуу айтыштын бир топ жаңы идеялык-тематикалык нуктагы формалары пайда болгондугу. Эмгек темасы жалпы эле советтик искусстводо негизги планда турганы жакшы маалым. Айтыш өнөрү да ушул концепциянын алкагында өнүккөндүктөн, ийгиликке жетишкендерди мактоо, план аткарбагандарды сындоо тематикалык доминанта болуп калды. Мындай чарбалык-турмуштук айтыштарда өтө курч сатиралык элементтер болбосо дагы аудиторияны күлкүгө бөлөй алган жумшак юмор, жеңил сарказм, жеңил кордоо сыяктуу ыкмаларды кездештирүүгө болот.*

***Негизги сөздөр:** совет мезгили, сатира, юмор, айтыш, жеңил сарказм, кордоо, сатиралык элементтер.*

*В данной статье рассматривается роль сатиры и юмора в дебатах советской эпохи. Классическую эпоху сатира и юмор обычно использовались в юмористических, оскорбительных, приветственных айтышах мастер-ученик для равлечения публики, но советское время эти айтышы приобрели новое измерение и претерпели тематические изменения. В этот пнриод помимо традиционных форм айтыша, формировавшихся веками появился ряд новых идейнотематических форм айтыша, таких как политико-агитационные, посвещения, поздравления. Общеизвестно, что тема труда стояло во главе угла советского искусство (вообще). Поскольку искусство айтыша также развивалось в рамках этой концепции, стало тематическое доминирование восхваления тех, кто добился успеха и критики тех, кто не следовал плану. В таких экономических и социальных дискурсах есть и мягкий юмор, и легкий сарказм, и легкий юмор , способный рассмешить публику, даже если в них нет острых сатирических элементов.*

***Ключевые слова:** советский период, сатира, юмор, песенное состязание, легкий сарказм, пытка, сатирические элементы.*

*This article discusses the role of satire and humor in the debates of the Soviet era. The classical era of satire and humor was usually used in humorous, offensive, welcoming aytysh master students for the treatment of the public, but during the Soviet era these aitysh took on a new dimension and underwent thematic changes. In this period, in addition to the traditional forms of aytysh, which have been formed for centuries, a number of new ideonotematic forms of aytysh appeared, such as political and agitation, enlightenment and in congratulations. It is well known that the topic of labor was at the forefront of Soviet art (in general). As the art of aytysh also developed within the framework of this concept, there became a thematic dominance of praise for those who achieved success and criticism of those who did not follow the plan. In such economic and social discourses, there is mild humor, and light sarcasm, and light humor, able to make the audience laugh, even if they do not have sharp satirical elements.*

***Key words:** Soviet period, satire, humor, song contest, light sarcasm, torture, satirical elements.*

Совет мезгилиндеги кыргыз айтыштарында сатира менен юмордун ордун аныктоо процессинде атактуу жазуучу Ч. Айтматовдун төмөнкү пикирине кошулууну туура көрдүк: “Илимий-техникалык революция доорунун келиши менен өз ордун көркөм аң - сезимдин заман талап кылган башка түрлөрүнө бошотуп берип, бизден улам алыстап, күчтүү өкүлдөрү барган сайын сейректеп бараткан чоң өнөрдүн бири – төкмө ырчылык. Эл ичи түгөнбөс кенч, балким төкмө ырчылардын тукуму үзүлбөй жүрүп отураар. Ошентсе да, мен бул өнөрдүн гүлдөө доору алдыда эмес, артта калды го деп ойлоймун [1, 495-б.].

Классикалык доордо сатиралык, юмордук элементтердин кеңири колдонулушу жана бул өз учурунда айтышка бөтөнчөлүк, экспрессиялык колорит, өзгөчө креативдик мүнөз бергени жакшы маалым. Мындай өзгөчөлүк төкмөлүк өнөрдө импровизацияга чек коюлбаган эркиндиктин болушу менен байланышта болгон десек жанылышпайбыз. Төкмөлүктүн так ушул спецификалык сапаты совет доорунда мезгил талабынын, тагыраагы жаңы саясий идеологиялык шарттын курмандыгы болду да сценарийсиз, даярдыксыз өткөн айтыш искусствосунун трансформацияланышына алып келди. Мындай өзгөрүүлөр айтыш өнөрүндөгү юмор менен сатиранын ролуна таасирин тийгизбей койгон жок.

Адабиятчылар белгилегендей, “бул мезгил аралыгында айтыш өнөрүндө байыркы мезгилдерден бери салт катары сакталып келген кандай жагдай шарт болбосун, белиндеги комузун колуна алып, бет келген ырчы менен түрдүү тематикада айтышып сала берүү

(импровизация) мүнөзү басаңдап, акындар ким-кимиси менен, кай жерде айтышары белгилүү болгон жагдайда, а түгүл кимиси баштап, кантип улантылары белгилүү болгон алдын ала жасалмалуу айтыштар ырдалган. Мындай жасалмалуулуктан улам айтышуу мурунку мүнөзүн таштап жөн гана форма катары кабыл алынып калган" [3, 162-б.]. Импровизациялык өнөрдүн пассивдешип, атайын даярдалган сценарий боюнча айтышуу ыкмасынын жайылышы жана жалпы эле маданият өкүлдөрүнө советтик социалисттик идеологиянын алкагынан чыгуу мүмкүн болбогону (кооптуу болгону) сатиралык элементтердин айтышта колдонулушун да басаңдатты. Сатира менен юмор адатта тамашалуу айтыштарда, кордоо, учурашуу, уста-шакирт форматындагы айтыштарда кеңири колдонулуп элдин көңүлүн көтөрүүгө түрткү болгон. Айтыштын бул түрлөрү совет мезгилинде жаны нукка түшүп учурдун талабына ылайык тематикалык өзгөрүүлөргө дуушар болду. Бул мезгилде айтыштын кылымдардан бери калыптанып калган салттык түрлөрүнөн тышкары саясий-агитациялык, арноо, куттуктоо сыяктуу айтыштын бир топ жаңы идеялык-тематикалык нуктагы формалары пайда болду. Айтыштын советтик мезгилдеги өзгөрүүлөрүн кароо учурунда адабиятчы М. Көлбаева "Айрыкча, 50-жылдарда коомдук-саясий, чарбалык - турмуштук айтыштар көбөйдү" [4, 145-б.] - деп, жазганы бар. Жалпысынан караганда бул мезгилдин айтыштарынын негизги багыты социалисттик курулуштун жетишкендиктерин даңазалоо, ийгиликтүү иш алпарган колхоз-совхоздорду мактоо менен элди эмгекке үндөө, комунисттик идеологияны агитациялоо болду. Мындай шартта юмор менен сатиранын элементтерин колдонуу көпчүлүк учурда ылайыксыз болгону мыйзам ченемдүү көрүнүш. Ошондой болсо да кыргыз советтик айтыш өнөрүндө сатира менен юмор кандайдыр бир деңгээлде өз ордун тапты десек жаңылышпайбыз.

Сатиралык, юмордук элементтер негизинен советтик кыргыз элинин жай турмушун чагылдырган жайынча мүнөздөгү айтыштарда колдонулганын байкоого болот. Мындай айтыштарда эки акындын чымчыкейлери, жумшак юмор менен тамашалашуу кеңири кездешет. Адабиятчы А.Обозканов жазгандай: "тамашалуу айтышта ырчынын суроого так кесе жооп кайтаруусунан тышкары атаандашына тике сын коё билүү, тамашаны таап айтуу, жагымдуу юморго, азилге, кыйытылган какшыкка, а түгүл калпты чындай кылып эбин таап айта салганга эпчилдиги чоң мааниге ээ" [5, 130-б.]. Мындай сапаттарга ээ акындар совет мезгилинде, албетте, болбой койгон жок. Өзгөчө Токтонаалы, Ысмайыл, Эстебес, Токтосун, Тууганбай сыяктуу акындар юморго, сатирага шыктуулугу менен айырмаланганы алардын айтыштарынан ачык байкалат. "Айтыш өнөрүнүн табияты (эволюция, жанр, поэтика)" аттуу изилдөөдө "Совет мезгилинде ырчынын эч нерсе менен чектелбей, оюн каалаган тематикага багыттап, эркинче ырдоо мүмкүнчүлүгүнө ээ болгон тамашалуу айтыштар алым сабак ырлары менен биргеликте арбын ырдалган" [6, 153-б.] - деп жазылганы да бул пикирди тастыктай алат. Ушул эле эмгекте анын автору М.Көлбаева тамашалуу айтыштарга кайрылып, Токтонаалы менен Ысмайылдын айтышын төмөнкүчө анализдейт: "Айталы, бир айтышта Токтоналы:

Абайлагын чамаңды,
Айтышсам сенден каламбы?
Кара жемсөө, ак каптал,
Көрбөдүм сендей адамды.
Жашыңдан бүткөн адатың,
Кошо келди айыкпай,
Ээгиңде эки кылың жок,
Кум чайкап кеткен арыктай" - деп Ысмайылды сөзгө жыгып, элге күлкү туртуулайын дейт. Анда Ысмайыл сакалдын зыяндуу жактарын ырга салып, залакасы көп экенин белгилеп, бура сүйлөп, аягын күлкүгө айландырып, сакал тууралуу экинчи сөз айтпагыдай кылып буларды ырга салат:

Салттуу акын деп жүрсөм,
Сөз баштадың сакалдан.
Сакалы жок кишини,
Кууйт бекен катардан.
Эки боо кылы ээгинде,
Эчкилер байге ала элек.
Эки кулагы узун деп,
Эшекти эч ким чаба элек.
Көп сакалдуу кишилер,
Көргөзмөгө бара элек.
Сакалыңа мактанба,
Ошондон жаман неме жок.
Оокат ичип жатканда,
Жугуп калган май-сайын,
Жуубайт экен жатканда.
Оңунан келген сөздөр көп,
Оозум да барбайт айтканга [2, 235-б.]" - деп тамаша аралаштыра Токтоналыны жүйөгө жыгып, бир эсе элди күлкүгө салганы бар" [6, 156-б.].

Токтонаалы менен Ысмайылдын ушул айтышындай жөн гана элди күлкүгө салып, угармандардын көнүлүн көтөрүү максатында жеңил юмор менен аткарылган айтыштар көпчүлүк учурда акындардын бири-бирине жеке маанидеги чымчыкейлерди, сырт келбеттеринин өзгөчөлүктөрүнө акцент жасап шылдыңдоо, кулк-мүнөздөрүн сындоо сыяктуу мотивдерди камтып, олуттуу саясий, жалпы элдик маанидеги темаларды козгоодон алыс болгон. Мисалы, Ысмайыл менен Тууганбайдын айтышы бирин-бири какшыктап тамашалашуу менен чектелет. Тууганбайдын "Былчылдашат" элем деп,

Өкүм конок чакырсан,
Өзүңдү кайра согобу.

Ала-Тоодой бактыңыз,
Алтымыштан аштыныз.
Ар ким колдон түшүргүс,
Албан китеп жаздыңыз.
Кайран нечен залкардын
Катарында бастыныз.
Баш кылып Муратаалысын,
Баарысын жыга чаптыңыз.
Эс алууга Ысмаке
Элүүңдө чыга качтыныз.
Балапан баскан тооктой
Байбичеңдин жанында,
Байландың да жаттыныз" - деп каршылашын какшыктоо менен айтышты баштап Ысмайылдан алган жообу:

""Өкүм конок" дегендей
Дасторкондо немене
Тай сойгонсуп дегеле
Канча сомуң короду?
... "Карылар менен бастың деп!" - деп,
Какшык эмей эмине.
Карызыма бергенсип,
Карыганда баарысын,
Катар жыга чаптың" деп.
Ажал келсе ким калат,
Ачууланса миңди алат.
Ден-Соолугу тазалар,
Дарынын баркын билеби?
Дердеңдеген ала-өпкө,
Карынын баркын билеби?
Ден-соолугуң тазабы,
Дары көргөн жок белең?
Демитесиң улууну,
Кары көргөн жок белең?" [7, 93-99-бб.] - деп Ысмайыл риторикалык суроолор менен кайра өзүн эки эсе какшыктап аны сөзгө жыгат. Бул жерде айтыш эки акындын жеке өздөрүнө гана тиешелүү болгон маселелер, сапаттардын тегерегинде өтүп, ошону менен бирге эле ачуу сөздөр, курч сындоо, кордоо ыкмалары колдонулган эмес.

Советтик доорго чейин тамашалуу, сатиралык айтыштарда кордоо, мазактоо сыяктуу ыкмалар көп колдонулуп, акындардын жеке адамдык сапаттарына сындоо, басынтуу, кемсинтүү өңдүү саптар кошо ырдалганы адат болгон болсо, жогорудагы мисалдарда көрүнүп тургандай XX кылымда тамашалуу айтыштар жөн гана женил юмор, чымчыкей, какшык аралаша айтылып жайынча мүнөзүндө аткарылганы байкалат. Классикалык доордо курч мүнөздөгү сатиралык элементтерге бай айтыштар кордоо ырлары болгону белгилүү. Коомдун өзгөрүлүшү менен жаңы мезгилде кордоо айтышы да бир топ өзгөрүүлөргө дуушар болгонуна байланыштуу сатиранын да ролу солгундады десек жаңылыштык болбос. "Кордоо айтыштары совет мезгилиндеги "байчыл болбо", "динчил болбо", "эскини көксөбө, жаңы замандын жетишкендиктерин ырда" деген өңдүү чектөөлөрдөн улам кордоо айтышы толугу менен баягы курч, өткүр маанисин басаңдатып, жөн гана эмгектен натыйжа бере албаганды, план толтура албаган чарбаны же эмгекчини, эринчээкти, жалкоону сындоо маанайында ырдалып калган" [8, 155-б.].

Эмгек темасы жалпы эле советтик искусстводо негизги планда турганы жакшы маалым. Айтыш өнөрү да ушул концепциянын алкагында өнүккөндүктөн, ийгиликке жетишкендерди мактоо, план аткарбагандарды сындоо тематикалык доминанта болуп калды. Мындай чарбалык-турмуштук айтыштарда өтө курч сатиралык элементтер болбосо дагы аудиторияны күлкүгө бөлөй алган жумшак юмор, жеңил сарказм, жеңил кордоо сыяктуу ыкмаларды кездештирүүгө болот.

**Адабияттар:**

1. Айтматов Ч. Ак таңдай акындын мурасы [Текст] / Ч.Айтматов // Жеңижок. - Фрунзе, 1982. - 495-б.
2. Борончиев Ы. Мекеним [Текст] / Ы.Борончиев. - Фрунзе: Кыргызстан, -1980. 235-б.
3. Көлбаева М.К. Айтыш өнөрүнүн табияты (эволюция, жанр, поэтика). Дисс. - Б., 2015. - 162-б.
4. Көлбаева М.К. Айтыш өнөрүнүн табияты (эволюция, жанр, поэтика). Дисс. - Б., 2015. - 145-б.
5. Обозканов А. Төкмөлүктүн башаты, калыптануу этаптары жана синкреттүү табияты. - Б.: «Шам», 2006. - 130-б.
6. Көлбаева М.К. Айтыш өнөрүнүн табияты (эволюция, жанр, поэтика). Дисс. - Б., 2015. - 153-б.
7. Борончиев Ы. Мекеним [Текст] / Ы. Борончиев. - Фрунзе: Кыргызстан, 1980. - 93-99-бб.
8. Көлбаева М.К. Айтыш өнөрүнүн табияты (эволюция, жанр, поэтика). Дисс. - Б., 2015. - 155-б.